Инв 960

Инв. 60

Инв. № 60.

САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ.

"С Е Й Т Е К"

№ 7.

Институт языка, литературы
Рукоп
№ 139
394 стр. 1979 г.
Кир. ФАН СССР

960
9/47 г.

Чыцаалаган душмандын
Башын кесип сайлоттум.
Каанын чачып катачып
Козгогон ~~ж~~ элдин баарына
Ургачы арстан атыгып
Жат жарактуу жатланып
Жалаң кылыч байланып
Каар чачып калынып
Катындан акыл табылып
Урунуп тиер жоо таппай
Урушууга жоо таппай
Ок өтпөс тон киттемин
Семетей кок жаш экен деп
Өчен авак билгемин.
Кош бадана жекей бөрк
Китейин деп жүргөмүн
Каалаган төрөм Семетей
Мен кулуу балбан кыз
Тийейин деп жүргөмүн
Акыч тулпар ат менен
Аргактап жазган кат менен
Ак болот сабын имерип
Күтүн кетөн энтери
Энтерин жиберип
Кара ~~ж~~ жаак канкордун
Карап тур козго илеалбай
Жети жылы жоголуп
Кайсы экенин биле албай
Ал жиберген кабарчым
Кабылган тереқ ор көрүп
Катуу узулбоз тор көрүп.

163а

Ач аткырык куу суры
Аламан сочуш кезде чуу
Ач кыткырык жоо коруп,
Жер кайгып башты бааалап,
Жолмогузга кезигип,
Жети жерден жаро жеп
Аты болуп ыргап дап
Бити болгон торгойдой
Ажал жетип оло албай
Барса келгис чын жатык
Ай байкушум кара албай,
Кок туттарын жооруткан
Кокумун жаман сорутуп
Кул азыгы жутулуп
Кулду бадам ок отбос.
Тону тозуп тытылып
Кабарган барган ал келген
Казан куйрук кар олгон
Кан корду каалап тилемден,
Кара саат сенин атыцан.
Кабарчынын баары олгон.
Буттап алти эф берип
Бурбай дуйно-коп берип
Тиктооро тилчо салгамын
Айбатын артык заарын куч
Алда конкор атыцдан
Арага келген тилчи олуп
Сынайм деп келип сынчы олгон.
Сыртынан карап турчу олгон.
Эстенип келген элчи олуп
Арачынын баары олуп.

31 / 31

Арага жургон жан олуп
Уламыдан кеп угуп,
Кара кок жал кабылан.
Калк туркугу Манастан
Канкор тууду деп угуп
Былымчо чалдан кеп угуп
Тур ерногон чыгар деп
Тугонгон сатын тутоган
Туптуу Манас уулу деп
Очон сатын озчугон
Окумдук кара козу деп
Куптап уксаң созумо
Кудай деп очуптту болсомдеп
Кумар болдум озумо.

Эске тушсо жан кайнап
Ашыктыктан кан кайнап
Журок купуп чоктонуп
Жемигип чыгып издесем.
Кайып чал кызы Куркурога
Эр Семетей жок болуп
Кумар болуп тургамын
Уктап атсам тушумдон
Манастын уулу куйоқ деп
Бир жылмакач айдар жаш бало.
Тушумдо нике келтагын
Кош кайып так сургондо
Жерге жарык тийгенде
Уй кудан чочуп ойгонсом
Койнумда кок жал таңым жок.
Ашыктыктын кусуну
Сирип олчу жерим жок.

Бүгүнкү көргөн эртең жок
Ушундай экен дүйнө бок.
Азап тартып көрө албай
Каалагандын кете албай
Каалаган жерге тие албай
Айдын тоонун жерге тал
Жерге талдан мөмөмү
Мөмөлүү болбой конгомун
Жетим деп жарга жете албай
Жерге киргең бок дүйнө
Жети жыл оору болгомун
Бешим жанын күткөмүн
Кадыр алда „Кудайдан"
Канкорду көрүп олсом деп,
Ушу күн сурап жүргөмүн
Канкор шерди көрсөм деп,
Эведетим өзимип
Эт тырмагым создукпан
Көрөрүм кымбат кеч болуп
Көрүп олуп кетүүгө
Эки козум төрт болгон
Аркардай козум жайнаган
Жер учунда чоңоюп,
Жете албай шордум кайнаган
Кербенчиден кат алып
Беден атам кайып чал
Кайып чалдан бат алып
Тулпардан тандап ат алып
Эр буяму ат алып
Кимда экен дайнын билүүгө
Канкорду издеп тийүүгө.

Институт языка, литературы и ист.
Отдел рукописей
Инв. №
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе